***DOI:10.26104/NNTIK.2023.10.95.035***

*Орозкулова А.Т.*

# БАТКЕН ОБЛУСУНУН ЧЕК АРАЛАРЫНА ЭКОНОМИКАЛЫК-ГЕОГРАФИЯЛЫК АНАЛИЗ

*Орозкулова А.Т.*

# ЭКОНОМИКО-ГЕОГРАФИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ГРАНИЦ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

*A. Orozkulova*

# ECONOMIC AND GEOGRAPHICAL ANALYSIS OF THE BORDERS OF THE BATKEN REGION

*УДК: 332.143(575.2)(043)*

*Макалада Баткен облусундагы чек ара маселелери, алардын келип чыгуусу жөнүндө географиялык тарыхый талдоо каралат. Аталган аймактагы калктын социалдык, экономикалык абалына чек ара маселелеринин тийгизген таасири мүнөздөлөт. Баткен облусунун Тажикстан менен чектешкен айылдарындагы элдин ой пикирин угуу жана сурамжылоолор боюнча чыр чатакты чечүү жолдоруна көңүл бурулат. Чек ара маселелерин саясатташтыруу тенденциясы күчөп бараткань белгиленди. Чек арада жашаган калктын руханий баалуулуктарын көтөрүү, азыркы коомдогу жаштарды патриоттуулукка тарбиялоо жөнүндө ой пикирлер жана чек ара тарыхы каралат. Ошондой эле кошуна мамлекеттер менен жер, суу, чек ара жана башка талаш маселелерди чечүүдө райондук, облустук түзүлүштүн ролун ачып көрсөтүүгө аракеттенип, мына ушундай талаш тартыштардын чыгуу себептерин талдоо менен, аны жоюунун жолдору сунушталды.*

***Негизги сөздөр:*** *Баткен облусу, чек ара, калк, социалдык маселелер, экономикалык маселелер, чек ара маселелери, талдоо.*

*В статье рассмотрен географо-исторический анализ пограничных вопросов в Баткенской области, их происхождение. Характеризуется влияние пограничных вопросов на социальное, экономическое положение населения на данной территории. В Баткенской области планируется прислушаться к мнению жителей сел, граничащих с Таджикистаном, и по результатам проведенных опросов обратить внимание на пути разрешения конфликта. Отмечена растущая тенденция политизации пограничных вопросов. Будут рассмотрены размышления о повышении духовных ценностей населения, проживающего на границе, воспитании молодежи в духе патриотизма в современном обществе и истории границы. Также была предпринята попытка выявить роль районного, областного устройства в решении земельных, водных, пограничных и иных спорных вопросов с соседними государствами, проанализировать причины возникновения таких споров и предложить пути их преодоления.*

***Ключевые слова:*** *Баткенская область, граница, население, социальные вопросы, экономические вопросы, пограничные вопросы, анализ.*

*The article considers the geographical and historical analysis of border issues in the Batken region, their origin. The influence of border issues on the social and economic situation of the population in this territory is characterized. In the Batken region, it is planned to listen to the opinion of residents of villages bordering Tajikistan, and according to the results of the polls, pay attention to ways to resolve the conflict. There is a growing trend of politicization of border issues. Reflections on raising the spiritual values of the population living on the border, educating young people in the spirit of patriotism in modern society and the history of the border will be considered. An attempt was also made to identify the role of the district, regional structure in resolving land, water, border and other disputed issues with neighboring states, analyze the causes of such disputes and suggest ways to overcome them.*

***Key words:*** *Batken region, border, population, social issues, economic issues, border issues, analysis.*

Баткен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн комплекстүү изилдөө жана анын тарыхын, маданиятын анализдөө Баткен элинин эле эмес, бүткүл кыргыз элинин тарыхына да тиешелүү. Демек, Кыргызстандын келечек тагдыры аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүшү менен да тыгыз байланыштуу. Ал эми мамлекеттин аймактары ар тараптан өнүксө, өлкөбүз ошончолук күчтүү мамлекет катары өсүп-өнүгөрү айкын.

Баткен облусу орто кылымдарда Жейхун (Аму дарыя), Сейхун (Сыр дарыя) дарыяларынын аралыгында жайгашкан Мавереннахр өлкөсүнүн курамында болгон. Орто кылымдардагы саякатчылар бул аймакта байыркы мезгилдерден бери тоо-кен байлыктарынын өтө көп экендиги жөнүндө маалыматтарды жазып калтырышкан. “Баткен” деген сөз да байыркы иран-парс тилинен которгондо, “кендин шамалы”, “кендүү жер” деп чечмеленген.

Араб-фарсы жана кытай булактарында чагылдырылгандай, бул аймак б.з. I к. кен байлыктары жана кен иштетүү боюнча атагы чыгып, Ферганадан түрк туткундары менен кошо ак кездемелер, курал-жарак, кылыч, жез, темир сыртка чыгарылып, Ферғананын темир буюмдары, айрыкча курал-жарактар Багдадка чейин сатылып турган. Б.з. I к. Баткен аймагындагы атагы чыккан Кан-и-Гут кени жөнүндө алгачкы маалымат атактуу дарыгер Абу Али Ибн Синанын эмгектеринде кездешет. Анда: “Акылмандар бардык алтындарын жана асыл таштарын дүйнөнүн ар кайсы жерлерине жашырышкан, ага ээлик кылуу оңой эмес. Мисалы Мавереннахр өлкөсүндө шаар бар, тоолордун арасында жайгашкан, Исфара деп аталган. Анын аймагында Гут деген аталыштагы жай бар. Акылмандар казынасын ошол жерге жашырышкан жана ага кар-

гышты кошо калтырышкан.

Б.з. I к. сымап, алтын, бирюза казылып алынып турганына караганда бул чөлкөмдө кен байлыктарын казып алуу жана иштетүү бир топ жогорку деңгээлде өнүккөн жана аны натыйжалуу пайдаланышкан.

Б.з. I к. баштап Баткен аймагында тоо-кен өндүрүшүнүн өнүккөндүгү жана мындан чыгарылган темир, жез жана курал-жарактар чет өлкөлөргө чейин экспорттолуп тургандыгы жөнүндө биз жогоруда баяндадык. Баткен чөлкөмүндө тоо-кен өндүрүшү бир гана Кан-и-Гутка таандык эмес, анткени бул чөлкөмдөгү Баткендин Дара, Лейлектин Өзгөрүш капчыгайларында, Айдаркенде мындай эски кен шахталарынын калдыктары ондоп саналат. Мисалы: Лейлек районунун Катыраң аймагында темир усталардын пири аталган Дөөтү бабанын ыйык жайы бар. Бул аталыш ушул жерде да тоо-кен өндүрүшү менен бирге темир иштетүүнүн өнүккөндүгүнөн кабар берет. Бул аймактарда илгертен эле бир нече кен казуу жумуштарынын болгондугун археологиялык казуулар толук далилдеген.

Республиканын өндүрүш комплексинде Баткен облусунун экономикасы маанилүү орунду ээлейт. Облустагы калктын эмгекчилдиги экономиканын өнүгүшүнө шарт түзөт.Өнөр жайы облустун экономикасында гана эмес, республикада да маанилүү орунду ээлейт. Бул региондо сурьманын, сымаптын бүт көлөмү, көмүрдүн 20,4%, ферменттелген тамекинин 19,6%и, улуттук килем буюмдарынын 35,5%и өндүрүлөт. Сурьма жана сымап өндүрүү боюнча Кыргызстандын дүйнөлүк өндүрүүчөлөрдүн катарында турат. Облус дүйнөлүк керектөөчүлөрдү сурь ма м-н 20,0%, сымап м-н 15,0% камсыз кыла алат. Кадамжайда алынган сурьма 1958-жылдан сапаты жагынан дүйнөлүк рынокто эталон катары бааланып көп өлкөлөргө экспорттолот. Натыйжада облус товарларды жогорку экспорттоочу болуп калат. Экспорттук продукциянын суммасы 2001-ж. 17,7 млн. долларды түзүп, импорттон бир кыйла же 6,3 эсе ашкан. Облустун өнөр жай тармактык структурасында түстүү металлургия, тамак-аш, ун тартуу-акшак жана аралаш тоют, курулуш материалдар өнөр жай тармактары жалпы облустун өнөр жай продукциясынын 95,0%ын өндүрөт.

Облустун башка өнөр жай тармагы отун өнөр жайы. Анча чоң эмес үлүштү ээлейт. Ага карабастан ал өнөр жайдын район аралык мааниси бар. Үч ишканасы: «Кызыл-Кыя көмүр» акционердик коому (АК), «Кызыл-Кыя шахта курулуш» жана «Сүлүктү көмүр» мамлекеттик Акционердик коому иштейт. Республикада казып алынган көмүрдүн 25%ы Баткен облусуна туура келет. Облустун отун өнөр жайында акыркы жылдарда мунайзат жана газ өндүрүү тармагы пайда болду. Анын базасын көп жылдан бери Өзбекстан пайдаланып келет, жаңыдан облуска өткөн Арка жана Бүргөндү массивдериндеги кендер түзөт. Облустун ири өнөр жай ишканалары: «Кызыл-Кыя тамекиси» Акционердик коому, «Айдаркен сымап комбинат» мамлекеттик Акционердик коому, «Кадамжай сурьма комбинаты» Акционердик коому, «Нур» Акционердик коому, «Кызыл-Кыя шахта курулуш», «Сүлүктү көмүр» мамлекеттик Акционердик коому, «Кызыл-Кыя көмүр» Акционердик коому, «Кызыл-Кыя дан азыктары» Акционердик коому, «Кызыл-Кыя машзавод» жана башкалар.

Баткен облусун өнүктүрүү жаатында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын артыкчылыктуу иштери төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Жаңы жерлерди өздөштүрүүнү, инфратүзүмдү жакшыртууну жана өнүктүрүүнү;

2. Баткен облусунун коопсуздугун камсыз кылуу жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгууну, финансылык колдоону жана ишке ашырууну;

3. Баткен облусунун калктуу конуштарынын жашоочуларынын жашоо сапатын жогорулатуу үчүн шарттарды түзүүнү жана Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү деңгээлиндеги айырмачылыктарын кыскартууну;

4. Баткен облусунун калктуу конуштарынын жашоочуларын иш менен камсыздоо деңгээлин жогорулатууну;

5. Баткен облусунун жаратылыш ресурстарын сактоону жана сарамжалдуу пайдаланууну камсыздоону;

6. Баткен облусунун аймагында финансы секторун өнүктүрүүнү камсыз кылууну;

7. агрардык сектордо жана мал чарбасында инновациялык технологияларды колдонууну өнүктүрүүнү жана түрткү берүүнү;

8. Баткен облусунун калктуу конуштарынын жергиликтүү жашоочуларынын арасынан адистерди даярдоону, алардын квалификациясын жогорулатууну жана Кыргыз Республикасынын жаш адистерин чек арага жакын калктуу конуштарга тартуу үчүн шарттарды түзүүнү;

9. Баткен облусун өнүктүрүүгө тиешелүү республикалык программаларды, изилдөөлөрдү координациялоону жана финансылык колдоону;

10. Баткен облусунун табигый, техногендик жана эпидемиологиялык мүнөздөгү мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарды болжолдоону жана алдын алууну;

11. Коомдук жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн укук коргоо органдарын жана чек ара кызматын чыңдоону;

12. Баткен облусунун калкын аскердик-мекенчилдикке даярдоо боюнча иштерди күчөтүүнү;

13. Баткен облусунун аймагынан Кыргыз Республикасынын жарандарынын миграциялануусун ал-

дын алуу үчүн шарттарды түзүүнү;

14. Баткен облусуна туруктуу жашоо, чек арага жакын калктуу конуштардын санын көбөйтүү жана анда жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын санын көбөйтүү максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын тартуу үчүн шарттарды түзүүнү;

15. Жеке жана юридикалык жактарга чек арага жакын аймактарында чектеш сооданы жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүүнү;

16. Баткен облусун өнүктүрүү жаатында башка милдеттерди чечүүнү.

Баткен облусу стратегиялык мааниде болгондуктан коңшу мамлекеттер менен чек ара маселелери жана курч геосаясий абалы соода-сатык маселелерин чечүү да кыйындыктарды жаратат.

Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасында чыр-чатактар маал-маалы менен чыгып турат. Акыркы бир жарым жылдын ичинде эки ири кагылышуу болуп, анын курмандыктары жүздөгөн адамдар болду.

Тажикстан менен Кыргызстандын чек арасын белгилөө маселеси биринчи жолу совет доорунда – өткөн кылымдын 20-жылдарынын ортосунда көтөрүлгөн. Андан кийин 1924-жылдан тартып СССРдин бийлиги Орто Азияда улуттук-регионалдык демаркация процессин жүргүзө баштаган.

Кыргыз-тажик чек арасынын узундугу 972 чакырым болсо, бүгүнкү күндө анын 519 чакырымы гана делимитацияланып, демаркацияланган. Ал эми калган чакырымы толугу менен чечилбей эки мамлекет тарабынан чек ара маселесин жаратууда. Кыргызстандын Баткен облусу менен Тажикстандын Согди облусунун ортосундагы тилкелер талаштуу бойдон калууда. Коңшу жайгашкан эки республика үчүн бул чек ара сызыктарын аныктоо иши кыйындыктарды жаратууда.

Мындай белгисиздиктен улам коңшу мамлекеттердин жашоочулары менен чек арачыларынын ортосунда сууга, жерге жана коммуникацияга жетүү укугу үчүн кагылышуулар көп болуп турат. Ошол эле учурда курал-жарак көп колдонулуп, адам өлүмүнө алып келет.

Чек арадагы эң ири жаңжал 2021-жылдын апрель айынын аягында болуп, Башкы суу бөлүштүрүүчү жайдагы чырдан улам башталган. Кыргыз тараптан болгон куралдуу кагылыштан 154 адам жарадар болуп, 36 адам каза болгон, анын ичинде экөө жаш балдар. Тажик бийликтеринин расмий түрдө билдирүүсүндө 19 адам өлүп, 87 киши жарадар болгонун жарыялады.

2022-жылы сентябрь айында да чон жанжал чыгып көптөгөн кишилер жабыр тартып, облустун чегинен, өлкөбүздүн башка облустарына чыгып кетишкен, кыргыз-тажик чек арасы убактылуу жабылган. Чек аранын жабылышы көп соода-сатык иштерин токтотуп, эки элдин мамилесин да бузган.

Тажикстандын азыркы учурдагы вице-премьер-министри Усмонали Усмонзода 5-ноябрда Бишкекке "Европа Биримдиги – Борбордук Азия" биринчи экономикалык форумуна катышуу үчүн келген. КР Министрлер Кабинетинин басма сөз кызматы билдиргендей, аны менен КР министрлер кабинетинин башчысы Акылбек Жапаровдун жолугушуусу болуп, анда «кыргыз-тажик мамилелеринин актуалдуу маселелери боюнча пикир алмашуу болуп, кызматташуу жана эки республиканын гидроэнергетикалык потенциалын өнүктүрүү боюнча биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга өзгөчө басым жасалган.

Ошол эле учурда, баса белгиленгендей, тараптар чек арага жакын аймактарда эки элдин ортосундагы ишенимди бекемдөө жана жергиликтүү калк арасында чыңалууну күчөтүүгө багытталган ар кандай аракеттерге бөгөт коюунун маанилүүлүгүн белгилешти.

Чек ара сызыгы такталганга чейин бул зонада ар кандай чыр-чатактар жарандардын коопсуздугуна да, мамлекеттер ортосундагы мамилелердин өнүгүшүнө да терс таасирин тийгизет.

Тажикстандан келген студенттерди жана этникалык кыргыздарды өлкөгө киргизүү чечими, ошондой эле коңшу өлкөнүн вице-премьер-министринин Бишкекке келиши 2022-жылдын май айынан берки алгачкы көрүнүш, бирок чек арада жашагандар баардык шарты бар үйлөрдү салганы менен дагы деле өздөрүн коопсуздукта.. Чек ара сызыктарды так аныктала элек.

Баткен облусунун Көк-Терек айылына бир нече үй-бүлө кайтып келе элек. Бул Кыргызстандын Тажикстандагы анклавы. Алар артка кайтуудан коопто-нушат. Үйлөр даяр, бирок бардык шарттар түзүлгөн эмес.

Мамлекеттик чек араны делимитациялоодогу жана демаркациялоодогу чечилбеген маселелер өлкөнүн бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыздоого байланышкан көптөгөн проблемаларга өбөлгө түзөт, региондогу саясий туруктуулуктун көптөгөн проблемаларынын негизинде жатат, жер жана суу маселелери, чек ара аймагындагы этностордун кызыкчылыктары боюнча чек ара чыр-чатактарын жаратат.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация министрлигинин «Кыргызгипрозем» жер жайгаштыруу боюнча Кыргыз мамлекеттик долбоордук институту тарабынан Кыргыз Республикасынын Тажикстан, Өзбекстан республикалары менен мамлекеттик чек араны делимитациялоо боюнча талаа жана камералык жер жайгаштыруу жумуштары жүргүзүлгөн.

«Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарына өзгөчө статус берүү жана аларды өнүктүрүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аткаруу бийлик органдарынын алдына чек ара аймактарында жашоону камсыздоо үчүн негизги мааниге ээ болгон конкреттүү милдеттер коюлган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын чек ара аймактарындагы чарбалык проблемаларды чечүүнүн жана экономикалык өсүштү стимулдаштыруунун айрым маселелеринин ичинде жалпы мамлекеттик мүнөздөгү маселелер бир кыйла орунду ээлейт. Атап айтканда, миграция, салык, бажы, кылмыш-жаза мыйзамдарын өркүндөтүү, ошондой эле чектеш мамлекеттер менен түрдүү багыттар боюнча эл аралык кызматташтыктын укуктун базасын өнүктүрүү, анын ичинде транспорт системасын өркүндөтүү жана кошумча транспорт коридорлорун түзүү, жаратылышты пайдалануу проблемасын жөнгө салуу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери жаатында.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын жалпы проблемаларын чек ара аймагындагы субъекттер менен бирдикте иштеп чыгуу максатка ылайык келет, анткени алар чек ара аймактарында көп эле болот. Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарына жана коопсуздугуна негизги коркунуч дал ушул чек ара аймактарында пайда болууда, алар:

– аймакты талашуу;

– Кыргыз Республикасынын Өзбекстан Республикасы жана Тажикстан Республикасы менен мамлекеттик чек араны эл аралык-укуктук тариздөөнүн аягына чыкпагандыгы;

– улутчулуктун, этностук жана региондук сепаратизмдин, диний мүнөздөгү карама-каршылыктардын пайда болуусу;

– экономикалык жана демографиялык экспансиянын жайылышы;

– Кыргыз Республикасынын улуттук байлыктарынын уурдалышы, контрабандалык иштердин активдешүүсү;

– капитал жана стратегиялык маанилүү сырьёлук ресурстардын жана товарлардын массалык түрдө чыгарылышы;

– калктын турмуш деңгээлинин төмөндөөсүнөн, этностук чыр-чатактардан жана аргасыз миграциялык процесстерден келип чыккан абалдын туруксуздугу;

– транс чек аралык уюшкан кылмыштуулук жана терроризм;

– мамлекеттик чек аранын жанындагы региондук куралдуу чыр-чатактар;

– курал жана башка куралдуу күрөш каражаттарынын таралышы жана топтолушу;

– транс чек аралык өтүүдөгү авариялар, катастрофалар жана табигый кырсыктар.

Экинчи жагынан көптөгөн жергиликтүү проблемаларды чечүүнүн маанилүү каражаты катары чек ара аймагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү маселесин бөлүп көрсөтүү зарыл. Бул маселени чечүү үчүн адегенде жакынкы убакка жана келечекке чек ара аймактарын жана чек аралык кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны түзүү зарыл.

Бул маселелери чечүүдө олуттуу проблемалардын болушу Кыргыз Республикасынын өзгөчө статусу бар чек ара жанындагы калктуу конуштардын коопсуздугун камсыздоо жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны (мындан ары - Программа) кабыл алуу зарылдыгына алып келди. Экономикалык колдоолор менен кошо саясий жана моралдык жактан да Баткенге башкача мамиле зарыл.

**Адабияттар:**

1. Джаманкулов Б. Социально-экономическое развитие села. – Ф., 1985.
2. Загиров А. Социально-экономическое состояние села Кыргызстана в 90-е годы XX века: Дис. ...канд. ист наук. – Каракол, 2005.
3. Койчиев А. Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924-1927 гг). – Б., 2001.
4. Курбанова Н.У. Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство: Автореф. дисс. ...к.и.н. - Б., 2001.
5. Кыргыз Республикасынын статистика жылдыгы. Нацстатком. – Бишкек, 2022.
6. Маматов А. Основные направления модернизации социальной сферы (1992-2002 гг.) Дисс. ... к.и.н. – Б., 2005.
7. Мусабаева К. Сельская интеллигенция Кыргызстана (1985-2005 гг.): Дисс. … к.и.н. – Б., 2007.
8. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл кыштактардын социалдык турмушу. – Б., 1994.
9. Кадыров А.А. Становление кара-кыргызской автономной области и ее влияние на Баткенский район. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2010. №. 2. С. 202-204.